КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ
АК-ТЕРЕК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
АК-ТЕРЕК

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XII кезектеги сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 25-февралы №170 — Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагына караштуу Бар-Булак айылынын Балыкчы-Барскоон авто жолу курулуп жаткандыктан жол курууга керектелүүчү кум шагыл алуу үчүн Чоң-Саз участогунан алынып колдонуп жаткан карьердин жер тилкеси бүткөндүктөн, карьердин батыш тарабынан 1,5 га жер тилкесин карьер кылууга мыйзамдаштырып берүү жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Тиленбаева Уулкелди Кытайбаевнанын кайрылуусунун негизинде, Ак-Терек айыл аймагына караштуу Бар-Булак айылынын Балыкчы-Барскоон авто жолу курулуп жаткандыктан жол курууга керектелүүчү кум шагыл алуу үчүн Чоң-Саз участогунан алынып колдонуп жаткан карьердин жер тилкеси бүткөндүктөн, карьердин батыш тарабынан 1,5 га жер тилкесин карьер кылууга мыйзамдаштырып берүү боюнча Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын корутундусу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагына караштуу Бар-Булак айылынын Балыкчы-Барскоон авто жолу курулуп жаткандыктан жол курууга керектелүүчү кум шагыл алуу үчүн Чоң-Саз участогунан алынып колдонуп жаткан карьердин жер тилкеси бүткөндүктөн, карьердин батыш тарабынан 1,5 га жер тилкесин карьер кылууга келишимдин негизинде мыйзамдаштырып берүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Тиленбаева Уулкелди Кытайбаевнага милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Д. Дастановго тапшырылсын.

**Төрага** — **А.А. Мамбетов**